## Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2017-жылдын январь айы)*

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рыногунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан казына векселдерин жайгаштыруу боюнча төрт аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу иши өткөрүлгөн. Аукциондордо мамлекеттик казына векселдеринин (мындан ары - МКВ) жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү 510,0 млн сомду түзгөн, ошол эле учурда МКВга карата суроо-талап көлөмү 1,4 млрд сомдо калыптанган.

Жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон векселдердин сатуу көлөмү 70,0 млн сомду, 6 ай болгон векселдердин – 200,0 млн сомду; кошумча жайгаштырууну кошо алганда, 12 ай болгон векселдердин – 340,0 млн сомду түзгөн.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү 5,3 пайызды түзгөн. Мында, жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү 2,7 пайызды, 6 айлык МКВлардын - 4,3 пайызды жана 12 айлык МКВлардын – 6,8 пайызды түзгөн.

**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде бюджеттин тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү 199,5 млн сом өлчөмүндө түптөлгөн. Отчеттук мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 383,9 млн сом суммасында мурда эмитирленген МКВлардын орду жабылган.

**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү МКВлар көлөмү жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу 4,5 млрд сомго чейин (+4,7 пайызга) көбөйгөн: МКВга негизги ээлик кылуучулардын-коммерциялык банктардын үлүшү 0,5 пайыздык пунктка, 65,3 пайызга чейин; юридикалык жактардын – резиденттердин үлүшү 0,1 пайыздык пунктка, 0,8 пайызга чейин төмөндөгөн; институционалдык инвесторлордун үлүшү, тескерисинче 0,6 пайыздык пунктка, 33,9 пайызга чейин көбөйгөн.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВлар менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**2-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.02.2016 | 3 188 300,0 | 1 692 770,7 | 53,1% | 1 482 164,3 | 46,5% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |
| 01.03.2016 | 3 142 570,0 | 1 685 144,1 | 53,6% | 1 444 910,9 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.04.2016 | 3 504 320,0 | 2 087 444,1 | 59,6% | 1 404 360,9 | 40,1% | 0,0 | 0,0% | 12 515,0 | 0,4% |
| 01.05.2016 | 3 912 250,0 | 2 417 635,4 | 61,8% | 1 479 554,6 | 37,8% | 0,0 | 0,0% | 15 060,0 | 0,4% |
| 01.06.2016 | 4 546 050,0 | 2 691 604,4 | 59,2% | 1 839 585,6 | 40,5% | 0,0 | 0,0% | 14 860,0 | 0,3% |
| 01.07.2016 | 4 669 410,0 | 2 730 525,0 | 58,5% | 1 914 675,0 | 41,0% | 0,0 | 0,0% | 24 210,0 | 0,5% |
| 01.08.2016 | 4 841 910,0 | 2 966 745,4 | 61,3% | 1 849 194,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 25 970,0 | 0,5% |
| 01.09.2016 | 4 950 910,0 | 3 018 660,4 | 61,0% | 1 891 879,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 40 370,0 | 0,8% |
| 01.10.2016 | 4 818 410,0 | 2 971 010,4 | 61,7% | 1 802 379,6 | 37,4% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.11.2016 | 4 998 910,0 | 3 176 484,1 | 63,5% | 1 777 405,9 | 35,6% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.12.2016 | 4 587 210,0 | 3 055 547,5 | 66,6% | 1 494 642,5 | 32,6% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,8% |
| 01.01.2017 | 4 307 710,0 | 2 835 547,5 | 65,8% | 1 435 142,5 | 33,3% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,9% |
| 01.02.2017 | 4 511 920,0 | 2 947 828,0 | 65,3% | 1 530 072,0 | 33,9% | 0,0 | 0,0% | 34 020,0 | 0,8% |

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Январь'2016 | 14,7 | - | 14,0 | 15,2 |
| Февраль | 15,9 | 5,0 | - | 16,3 |
| Март | 14,2 | 5,7 | 12,5 | 15,1 |
| Апрель | 10,7 | 4,3 | 10,7 | 13,7 |
| Май | 12,3 | - | 10,4 | 13,6 |
| Июнь | 10,1 | 3,2 | 9,2 | 12,3 |
| Июль | 7,8 | 2,7 | 6,4 | 10,1 |
| Август | 5,7 | 2,2 | 3,8 | 7,2 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 4,2 | 6,4 |
| Октябрь | 5,7 | 2,8 | 4,8 | 6,7 |
| Ноябрь | 5,8 | 3,0 | 4,9 | 7,4 |
| Декабрь | - | - | - | - |
| Январь'2017 | 5,3 | 2,7 | 4,3 | 6,8 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*